**А.Койгельдиев атындагы Бейшеке орто мектебинин 2017-2018 окуу жылына карата мектептин аткарылган иштери боюнча салыштыруу анализи.**

2017-2018 окуу жылында мектеп 2-сменде жана 5-күндүк режимде окуду,9-класстар 6- күндүк режимде.Сабактар саат 8.00 башталып 13.15 бүтүп жатты,2-смен 15.45 бүтүп турду.

Жыл башында окуучулардын саны 181 болгон жыл аягында 179 окуучу бүтүрдү.

Жетилүү аттестатын 10 окуучу колуна алды,9-классты 10 окуучу бүтүрүп 10 күбөлүк тапшырылды.

Окуу КР Билим жана илим министрлигинин сунушталган базистик окуу планы менен жүргүзүлдү.

2017-2018 окуу жылында мектеп аккредитациядан өттү,жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:

| класс | математика | биология | Кыргыз тил |
|---|---|---|---|
| 7 | 0% | 0% | 71% |
| 8 | 42% | 14% | 80% |
| 9 | 0% | 0% | 50% |
| 10 | 23% | 0% | 82% |

Жыйынтыгында билим сапаты:34%,жетишүүсү62% түздү.

Математика сабагынан 7,9,10 класстар начар жыйынтык көрсөтүштү,биология сабагынанда аталган класстар начар жыйытык бериšти,ал эми кыргыз тили боюнча жакшы көрсөткүчкө жетиштик.Албетте мындай жыйынтыктан кийин коллектив арасында талкуу жүргүзүлду.Талкуудан кийин математика жана биология сабактарын берген мугалимдер Омуркулова Чынар жана Майчекирова Фаридага өзүнүн сабактарына жоопкерчилик менен мамиле кылууга жана сабактарында жаны технологияларды колдонуп окуучуларды кызыктырууга тапшырма берилди.

2017-2018-окуу жылына карата мугалимдердин алдына төмөнкү милдеттер коюлган:

1.Окуутуунун заманбап инновациялык ыкмаларын пайдалануу менен кеп маданиятын өнүктүрүү.Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.Интернет менен байланышуу,интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен формативдик баалоону ишке ашыруу аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.

2.Мугалимдердин тажрыйбасын жайылтуу.

3.Окуучуларга нравалык тарбия берүүгө жетишүү.

4.Коомчулук жана ата-энелер менен байланышты чындоо.

5.Мугалимдерге толук кандуу билим берүүсүнө шарт түзүү.

6.Себепсиз сабактан калган жана педкенешмеге катышпаган мугалимдердин жоопкерчилигин жогорулатуу.

7.Билим сапатынын салыштырмалуу мониторингин жогорулатуу.

8.Администрациянын ишин жакшыртуу,күчөтүү.

9.Зээндүү балдар менен иштөөнү күчөтүү,жакшыртуу.

10.Начар окуган окуучулар менен жекече иш алып баруу.

11.Мектеп курагындагы окуучуларды мектепке тартуу.

12.Проект,грант менен иш алып баруу.

Бардык мугалимдер жогорку билимдүү жана өз кесибине ылайытуу сабак берсе дагы жыйынтык начар болууда.Бул кемчиликти чечиш үчүн максаттуу иш алып баруусу зарыл,окуучулардын компетенттүүлүгүн жогорулатуу болуп эсептелет.Инновациялык методдорду колдонуу,педжааматты жаны ишке мотивациялоо керек.(Катуу суроо-талап).

Жаны окуу жылында мугалимдерге катуу талап коюп ар-бир сабагында инновациялык методдорду колдонуп сабак өтүүсүн талап кылуу,окуучуларды сабакка кызыктыруу,интернет менен байланышуу,ар-кандай конкурстарды уюштуруу болуп

Коюлган милдеттер толугу менен аткарылган жок.Мисалы мугалимдер интернет менен байланыш түзөө алган жок,себеби кызыкчылыгы жок экенин аныкташты.Көпчүлүгү стандарттык сабак өтүү менен чектелип жатышты.Билим сапатын жогорулата алган жокбуз.2016-2017-окуу жылында деле билим сапаты 39% болгон быйылкы окуу жылында деле 39 % менен калдык.Себеби мугалим интеративдүү методдорду серек колдонушат.Окуучуларды сабакка кызыктыруусу начар болду.

Начар окуган окуучулар менен иш алып баруу да начар болду.Мында башталгыч класстардын мугалимдери иш алвп барышты.

Зээндүү окуучулар менен да иш алып баруусу начар болгондуктан райондук олимпиададан байгелүү орунга ээ болгон жокбуз.Бир эле 11-классынын окуучусу Букарбекова Айжан тарых сабагынан 3-орунга ээ болду.

Быйылкы окуу жылында 4-мугалим КАОго барып билимин жогорулатып келип алган билимин мугалимдерге жайылтты.

Ата-энелер менен байланыш иштери жүргүзүлдү.

Мугалимдер окуучуларга толук билим берүүсүнө шарт бар.Мисалы интерактивдүү доска иштейт,интернет байланышы бар.

2017-2018 окуу жылында мектепте 17 мугалим эмгектенди,бир мугалим Байсаева Мээрим декреттик өргүүдө.2016-2017 жылында 19 мугалим эмгектенген.Оорусуна байланыштуу кыргыз тили мугалими Абдраимова Тотукан өз арызы менен жумуштан бошотулуп ушул эле мектепке китепканачынын ишин аткарууда.Анын ичинен 17 мугалим жогорку билимдүү,бир мугалим атайын орто билимдүү.

Талыкпаган эмгектин натыйжасында мектептин мугалимдери төмөнкүдөй сыйлыкка ээ болду:

| КРнын Билим берүү мыктысы | КРнын Билим жана илим министрлигинин Ардак грамотасы | Билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасы |
|---|---|---|
| 2 | 5 | 6 |

5 мугалим КР билим берүү министрлигинин грамотасы менен сыйланган,2 мугалим “Билим берүү мыктысы”төш белгиси менен сыйланган.Былтыркы окуу жылында торт мугалим сыйлыккка көрсөтүлүп,”Билим берүү мыктысы төш белгисин” орус тили мугалими Джакупова К.Д.,Аманжолова Дилдекан Кемин районунун билим берүү бөлүмүнүн ардак грамотасын,Акунова кулсат Кемин районунун мамлекеттик администрациясынын ардак грамотасы менен сыйланышты,бирок Майчекирова Фарида КР Өкмөтүнүн Чүй Облусунун ыйгарым укуктуу окүлүнун аппаратынын Ардак грамотасын албай калган..Быйылкы окуу жылында №7 педкенештин чечими менен төрт мугалим сыйлыкка көрсөтүлдү:

| КРнын Билим берүү мыктысына | КРнын Билим жана илим министрлигинин Ардак грамотасына | Кемин районунун билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасына | Кемин районунун Мамлекттик администрацисынын Ардак грамотасына | Чүй обл.ыйгарым укуктуу аппаратынын Ардак грамотасына |
|---|---|---|---|---|
| 1 | жок | 1 | 1 | 1 |

Алар Чектибаева Сагыйпа “Билим берүү мыктысы төш белгисине”,Кошоева Кенже Кемин районунун Мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасына,Майчекирова Фарида КР Өкмөтүнүн Чүй облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппартынын Ардак грамотасына,Жамангулов Кенжебек Кемин районунун билим берүү бөлүмүнүн ардак грамотасына.Пенсиялык жаштагы мугалимдерден 4 алар:Абдраимова Тотукан,Чектибаева Сагыйпа,Аманжолова Дилдекан,Джакупова Кумушай.Жаш мугалим быйылкы окуу жылында декреттик өргүүдө,ал Окенова Мээрим математика мугалими.Вакантта турган

сабактар:ыр,кол эмгек,сүрөт,чийүү.Бардык мугалимдер кесибине ылайык сабак беришет.Саат жүктөмү ылайыкташтырылган.

2017-2018 окуу жылында 6-мугалим билимин жогорулатууга бармак анын ичинен 4-мугалим КАО го барып билимин жогорулатып келишти.Алар Сарыкучукова Кулсун башталгыч классынын мугалими,Майчекирова Фарида биология мугалими,Омуркулова Чынаркул математика мугалими,Жамангулов Кенжебек физика сабагынын мугалими.Барган жок Джакупова Кумушай-мектеп директору жана Байсалова Дилбар тарых сабагынын мугалими.

Акыркы 3-жыл ичинде КАОго билимин жогорулатууга барган мугалимдердин саны:

| 2015-2016 | 2016-2017 | 2017-2018 |
|---|---|---|
| 4 | 3 | 4 |

Билимин жогорулатууга барган мугалимдер алган билимдерин мектептеги мугалимдерге тараткан.Кийнки окуу жылында дагы 2 мугалим билимин жогорулатат.

Акыркы 3-жыл ичиндеги окуучулардын саны:

| 2015-2016 | | 2016-2017 | | 2017-2018 | |
|---|---|---|---|---|---|
| 182 | | 186 | | 179 | |
| Келди | кетти | Келди | кетти | Келди | кетти |
| 8 | 7 | 7 | 5 | 7 | 9 |
| Билим сапаты | | | | | |
| 41% | | 39% | | 39% | |

2016-2017 окуу жылында мектепти 186 окуучу бүтүрсө,быйылкы окуу жылында 179 окуучу аяктады.Отличниктин саны 28 болсо быйыл 25,ударниктер 46 болсо быйыл 40 болду,билим сапаты 39% болсо быйыл дагы 39 % түзду.Мектептин коюлган максатында билим сапатын 2% ге жогорулатуу болчу ал максатка жеткен жокбуз.

Акыркы 3-жылда ЖРТнун көрсөткүчү төмөндөгүдөй болду:

| 2015-2016 | 2016-2017 | 2017-208 |
|---|---|---|
| 153 | 186 | 143 |

2015-2016 окуу жылында ЖРТ нын көрсөткүчу153 балл болсо 2016-2017 окуу жылы 186 балл болду быйылкы окуу жылында көрсөткүч 143 балл болду .Өткөн окуу жылдарына салыштырмалуу көрсөткүч төмөн.

Райондук олимпиаданын жыйынтыгында өткөн окуу жылында 2окуучу байгелүү орунга ээ болсо быйыл 3 окуучу,алар 11-классынын окуучусу Сагынбекова Айдана математика сабагынан 3-орунга жетти,10-классынын окуучусу Букарбекова Айжан тарых сабагынан 3-орунга чыкса ал эми 11-классынын окуучусу Усеналиева Айжамал биология сабагынан 2-орунга чыкты.Бул дагы мектеп үчүн жакшы көрсөткүч.

Райондук НЦТ нин жыйынтыгы боюнча төмөнкү сабактардан жакшы жыйынтыктар болуп атты:биология,тарых,кыргыз тил.орус тил.

Акыркы 3-жыл ичинде 11-классты аяктаган окуучулардын саны төмөнкүдөй:

| 2015-2016 | 2016-2017 | 2017-2018 |
|---|---|---|
| 14 | 13 | 10 |

Бүтүрүүчүлөрдүн азайганынын себеби 9-класстан кийин колледж,лицейлерге тапшырууда.

Былтыркы окуу жылында 11-классты 13-окуучу аяктап,анын ичинен 2 окуучу жогорку окуу жайына бюджеттик негизинде окууга өтүшкөн,3 окуучу контракттык негизинде.

Мектеп эки сменде окуйт,себеби класс кабинеттер жетишсиз.Мектептин жер төлөсу капиталдык ремонттон өтсө көп көйгөйлөр чечилмек.Мисалы:класс кабинеттер ачылып бир сменддүүлүккө өтмөк,ашкана талапка жооп бермек,китепкана орун алмак(азыркы учурда эски мектептин имаратында жайгашкан),тренажордук бөлмөлөр ишке киришмек.Бирок тилекке каршы ал иш ордунан козголо элек.Айыл өкмөтүнүн башчысы проект жазып КР өкмөтүнө кайрылууда.2015 жылы февраль айында айыл окмөтүнүн башчысы менен биргеликте Жогорку кенешке барып депутаттарга кайрылганбыз ушул маселе боюнча бирок жыйынтык дагы эле жок.Азыркы учурда эн көйгөйлүү маселе бул мектептин жарык системасын иретке келтирүү,себеби класс-кабинеттерде жарык системасы үзгүлтүккө учурап сабак өтүүгө тоскоол жаратат.Айыл өкмөтүнө кайрылуу кат менен кайрылдым,алар макулдугун беришти.Мындан тышкары кыш мезгилинде тескей жагында класс-кабинеттерде өтө эле суук болот,ошондуктан окуучулар кийимчен сабак өтүүгө дуушар.Жылытуу батареясын толугу менен алмаштыруу зарыл,себеби трубалардын эскилиги жетип кээ бир жерден суу тамчылап турат.

Жыл бою 1-4 класстарга мамлекттин эсебинен 7-сомдук тамак берилип турду.Ата энелер тарабынан кошумча каражат бөлүнүп берилген жок.Балдар жумасына 3-жолу ысык тамак менен камсыз болуп атышты.Мектепте ашкана жоктугуна байланыштуу бардык талапка жооп бере алган жок.Быйыл “Мерсико”проектиси менен кызматташып мектеп ичинде талапка жооп бере турган ашкана

ондолууда.Өз убагында ондолуп бүтсө “Мерсико” тарабынан 296 мин сомго ашканалык жабдуу берилет.

Материалдык-техникалык жабдууда 3-жылдын ичинде төмөнкү иштер жүргүзүлдү:

| 2015-2016 | 2016-2017 | 2017-2018 |
|---|---|---|
| Эки класс-кабинетке линолеум төшөлдү | Залдагы плафондор алмашылды | Жылытуу системасында тендер алмашылды |
| Залдагы стендтер толугу менен алмашылды | Мектеп ичине суу киргизилди | Суу тазалагыч аппараты коюлду |

2015-2016 окуу жылында химия кабинетинин линолеуму эскилиги жетип жарактан чыккандыгына байланыштуу айыл өкмөтүнө кат менен кайрылып 23000 сом өлчөмүндө линолеум,плинтус алынып төшөлдү,ал эми башталгыч классындагы линолеум спонсор аркылуу каржыланды.

2016-2017 окуу жылында залдагы плафондор 2003-жылдан бери алмаша элек болчу,ошол себептен бир тараптагы жарык иштебей калгандыгына байланыштуу айыл өкмөтүнө кайрылганда 15000 сомдук суммага плафондор алмашылган.

Мектеп ичинде суу жок болчу.Москва шаарында иштеген айылдык жердештерге кайрылып алар айыл өкмөтү менен бирдикте 20000 мин сомго мектеп ичине суу киргизип беришти.

2017-2018 окуу жылында жылытуу системасында тендер алмашылды,себеби буга чейин көпчүлүк тендер күйүп кетип класс-кабинеттерге толук жылуулук жетпей жаткан,ал эми ушул жылы айыл өкмөтү тарабынан 8 тен алынып берилип жылылук өз денгээлинде болду.Мындан тышкары айыл өкмөтү тарабынан 27000 сомго суу тазалагыч аппараты орнотулду,бирок айыл таза суу менен камсыз болбогондуктан аппаратын филтири тез эле кирге толуп калды.Фильтр алмаштырууга айыл өкмөт быйылкы жылга бюджетке каражат каралган жок.

Класс-кабинеттер боюнча төмөнкү таблицада көрсөтүлдү:

| Класс-кабинеттердин аталышы | саны | Абалы | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жакшы | Канаат-лык | начар |
| Класс-кабинеттер | 9 | 8 | 1 | |
| Компьютердик класс | 1 | | 1 | |
| Устакана | Жок | | | |
| Спорт зал | Жок | | | |
| Актовый зал | Жок | | | |
| медкабинет | жок | | | |
| Ашкана 20 орундук | 1 | Азыркы учурда айыл өкмөтү | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | тарабынан ондолууда.Ондолуп убагыда бүтсө “Мерсико”проектиси тарабынан 296000 сомго ашканалык жабдык берилет. | | |
| Китепкана | жок | Эски мектепте жайгашкан | | 1 |

1-класс-кабинет жабдыла элек,ал англис тили кабинети.Бул кабинет 2014-жылы Алымкулов Шамшидин аттуу кабинет болмок,бул кишинин балдары кабинетке жалюзи жана линолеум алып беришкен,бирок ушул күнгө чейин толугу менен жабдыла элек.

Педагокалык кадрлар жөнүндө маалымат төмөнкү таблицада көрсөтүлдү:

| | 2015-2016 | 2016-2017 | 2017-2018 |
|---|---|---|---|
| Мектептеги бардык мугалимдердин саны | 19 | 18 | 18 |
| администрация | 3 | 3 | 3 |
| Жаш курактары | 35-40 | 36-41 | 41-50 |
| Пенсиялык жаштагы мугалимдер | 3 | 3 | 4 |
| Билимин жогорулаткан мугалимдер | 4 | 3 | 4 |

Бардык мугалимдер өз кесибине ылайык сабак беришет,саат жүктөмү нормада.

**2016-2017 окуу жылында камкор кенешинин** жардамы менен 3-умывальник алынып берилди 6(алты)мин сого,мындан тышкары ЮИД жаш инспекторлого 8(сегиз)костюм тигилип берилди.Мындан тышкары “Ыйман,адеп жана маданият”жылына карата банер менен стенд чыгарып беришти,мектептин ашканасына духовка алып беришти,окуучулардын ар кандай конкурска катышып барып келген жол киресин төлөп беришти.

2017-2018окуу жылында камкор кенеши ата-энелерден 19175 сом чогултуп аны мектептин балатысын өткөрүүгө 4475 сом жумшашты,ЮИДге 5300 сом,микрофонго 1800сом,1-июнь “Эл аралык балдар күнүнө”карата бал муздакка 1000 сом сарп

Ата-энелер тарабынан 6-классынын окуучуларына 8(сегиз)индия костюму тигилип берилди.Жалпы суммасы 10(он)мин сомду түздү.

Бардык класс-кабинеттер жабдылган,бир кана англис тили кабинети жабдыла элек.Быйылкы окуу жылына жабдуу пландаштырууда.

Акыркы 3-жыл ичинде “Жыл мугалими”конкурсуна катышкан мугалимдер:

| 2015-2016 | 2016-2017 | 2017-208 |
|---|---|---|
| Сарыкучукова Кулсун | Турусмамбетова Мунара | Султанбаева Алия |

| | | |
|---|---|---|
| Башталгыч классынын мугалими,эмгек стажы 28-жыл | Кыргыз тили жана адабияты мугалими,эмгек стажы 7-жыл | География сабагынын мугалими,эмгек стажы 5-жыл |

2015-2016 окуу жылында "Жыл мугалими"конкурсуна башталгыч классынын мугалими Сарыкучукова Кулсун катышып зоналдык денгээлде 3-чу орунга ээ болгон, 2016-2017- окуу жылында "Жыл мугалими-2017" конкурсуна кыргыз тили жана адабияты мугалими Турусмамбетова Мунара катышып байгелүү орунга ээ болгон жок,ал эми 2017-2018 окуу жылында Султанбаева Алия география сабагыны мугалими катышып 4-орунга ээ болду.

Мектептин айлана чөйрөсүн көрктөндүрүү боюнча акыркы 3-жылда иш аракеттер:

| 2015-2016 | 2016-2017 | 2017-2018 |
|---|---|---|
| 10-даана алма-бак,10-түп өрүк,5-түп туя багы,10-түп роза ,10-туп алча багы жана башка бир жылдык гулдөр тигилген. | 10-туп роза гулү,ромашка,хризантема жана 80-түп кара жыгыч багы тигилди. | 65-дана роза гүлү,20-дана кара жыгач багы,хризантема,ромашка гулдөрү тигилди. |

Мектептин айлана –чөйрөсу көрктөндүрулду.Бак –дарактар ,роза гүлдөрү,ромашка гүлү,хризантема гүлдөрү тигилди.Мындан тышкары кара жыгач багынан 20-даана тигилди. 2017-жылы мектепти 10 жыл мурун бүтүрүп кеткен окуучулар 4(төрт)скамейка белекке беришти,быйылкы окуу жылында андай спонсорлук жардам болгон жок.

Мектептин материалдык базасын чындоодо быйылкы окуу жылында мектептин аянтчасын брусчатка менен төшөө,эски мектептин имаратын бузуп ордуна бак-дарактарды тигүү болуп турат.